КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛАСТЫ
ДЕПУТАТТАРДЫН ТАЛАС ШААРДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙГОРОДСКОЙКЕНЕШ
ДЕПУТАТОВ

Shaar.kenesh@gmail.com
Shaar.kenesh@gmail.com

# Депутаттардын Талас шаардык кеңешинин IX чакырылыштагы кезектеги IV сессиясынын №28/4-9 ТОКТОМУ

**17-февраль, 2025-жыл** **Талас шаары**

**Талас шаарынын Б.Баатыр көчөсүнүн №218 дарегинде жайгашкан муниципалдык менчикте турган имаратты бала бакча кылуу максатында Талас областтык ички иштер башкармалыгынын балансына өткөрүп берүүгө макулдук жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамынын 34-беренесинин 2-бөлүмүнүн 1-пункту, Кыргыз Республикасынын "Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө" мыйзамынын 11-беренесинин 1-2-пункттары жана 19-беренесине ылайык, Талас шаарынын мэриясынын 14.02.2025-жылдагы №01-19/501чыгыш сандуу катынын негизинде, Талас шаардык кенешинин "Бюджет жана муниципалдык менчик башкаруу боюнча" туруктуу комиссиясынын корутундусун карап, талкуулап чыгып, Депутаттардын Талас шаардык кеңешинин сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Талас шаарынын Б.Баатыр көчөсүнүн №218 дарегинде жайгашкан муниципалдык менчикте турган имаратты бала бакча кылуу максатында Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин Талас областтык ички иштер башкармалыгынын балансына өткөрүп берүүгө макулдук берилсин.
2. Кабыл алынган токтомду Талас шаарынын мэриясынын сайтына жайгаштыруу жана Кыргыз Республикасынын укуктук ченемдик актылардын мамлекеттик реестринен каттоодон өткөрүүнү көзөмөлдөө Депутаттардын Талас шаардык кеңешинин жооптуу катчысына (Сариева.А.Ж.) милдеттендирилсин.
3. Токтомдун аткарылышына көзөмөлдүк кылуу Депутаттардын Талас шаардык кеңешинин "Бюджет жана муниципалдык менчик башкаруу боюнча" туруктуу комиссиясынын төрагасына (Суйунтбеков.А.О) тапшырылсын.

**Төрага** **К. Джаныбеков**